Кабылан-Көл айылдык Кеңешинин 5- чакырылышынын кезектеги 26-отурумунун

# Т О К Т О М У

26. 08. 2022 -ж. №26/2 Кабылан-Көл айылы

Кабылан-Көл айыл өкмөтүндөгү билим берүү мекемелеринин жаңы окуу жылына ремонт иштеринин абалы жөнүндө

Э. Мурзаев атындагы орто мектебинин, Күнгөй баштооч мектебинин жана Кабылан-Көл бала бакчасынын жаңы окуу жылына ремонт иштеринин абалы жөнүндө депутат Кулчакова Венеранын билдирүүлөрүн угуп, талкуулап Кабылан-Көл айылдык кенешинин отуруму

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Э. Мурзаев атындагы орто мектебинин, Күнгөй баштооч мектебинин жана Кабылан-Көл бала бакчасынын жаңы окуу жылына ремонт иштери талапка ылайык жүргүзүлгөндүгү белгиленсин.

2. Кабылан-Көл айыл өкмөтүндөгү Э. Мурзаев атындагы орто мектебинин, Күнгөй баштооч мектебинин жана Кабылан-Көл бала бакчасынын жылуулугун бирдей температурада кармоо, отказандарын, печкаларын жагууда техникалык коопсуздук эрежелерин сактоо жагы мекеме жетекчилерине милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Кабылан-Көл айыл өкмөтүнүн башчысы Г. Мадаевге жана айылдык кенештин туруктуу комиссияларына тапшырылсын.

Кабылан - Көл айылдык
Кеңешинин төрагасы Ш. Акаев